УДК 93:94

Алымбеков К.А.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

2010-Ж. ИЮНЬ ОКУЯЛАРЫНЫН ТАРЫХЫЙ ТАМЫРЫ

Бул макалада 2010-ж. июнь айындагы Кыргызстандын түштүгүндө болгон кандуу окуянын кайталанышы, чыгыш себебинин тарыхый тамырлары жөнүндө маалымат берилет.

2010-жылдын июнундагы улут аралык жаңжал эгемендүү Кыргызстандын тарыхында кандуу, каргашалуу окуя болуп кала бермекчи. Ушундай эле окуя өткөн кылымдын 90-жылы июнь айында болуп өткөн эле. Эмне үчүн 20 жылдан кийин кандуу окуя кайра кайталанды, ушуну менен токтойбу, же келечекте дагы келип чыгабы?

Эки окуянын тең негизги себеби өзбек улутундагы адамдардын Кыргызстандан бөлүнүп «Өзбек автономиясын» түзүү талабынан келип чыккан. Бул талаптарын өзбек лидерлери «Ош, Жалал-Абад областтары (негизи, түштүк) тарыхый жактан Өзбекстандын жери болгон, шаарларда өзбектердин саны кыргыздардан көп, кыргыздар түштүккө кийин көчүп келишкен» ж.б. аргументтерди келтиришет. Биз ушул аргументтерге карата өзүбүздүн оюбузду тарыхый фактылар аркылуу билдирмекчибиз.

Эске салып койчу нерсе, азыркы Орто Азия чөлкөмүндөгү эгемендүү мамлекеттер, өздөрүнүн улуттук мамлекеттүүлүгүнө Улуу Октябрь Социалисттик революциясынан кийин ээ болушкан. Ага чейин бул чөлкөм, Россия империясынын карамагында болуп, Туркестан губерниясы деп аталган. Борбору Ташкент шаары болгон Туркестан губерниясына Закаспийский, Самарканд, Жетисуу, Фергана жана Сырдарыя областтары кирип, бул областтар улуттук негизде түзүлгөн эмес. Туркестан губерниясында, негизинен, өзбектер, казактар, кыргыздар, тажиктер, түркмөндөр жана каракалпактар жашашкан. Жалпысынан, бул элдер өздөрүн түрк элдери деп аташкан дагы, өздөрүнүн ошол улутка таандык экенин билишкен эмес. Буга айкын мисал: 1920-жылы азыркы Казак Республикасы РСФСРдын составына Кыргыз АССРи аталып кирген. Ошол мезгилде кыргыздардын басымдуу бөлүгү Жетисуу, Фергана жана Сырдарыя областтарында жашашкан. Эмне үчүн бул элдер өздөрүн түрк элибиз деп аташкан?

Белгилүү советолог Эдвар Каррдын жазуусу боюнча (мындан ары илимий эмгектер оригиналда берилет): «за исключением небольшой группы таджиков иранского происхождения, которые проживали на юге-востоке, народы Туркестана связывала общность тюркского происхождения, и все они говорили на тюркских диалектах»[1].

Ислам динин тутунган элдердин арасында бирдиктүү улуттук жалпылык катары мусулман эли жөнүндө түшүнүк болгон. Бул жерде улуттун бардык элементтери болгон: тарыхы, дини, маданияты, тили, традициясы, территориясы жана экономикасы. Бир гана мамлекеттик жана саясий көз карандысыздык болгон эмес. Жогоруда белгилегендей, Туркестан эли беш областка бөлүнгөн. Советтик чыгыш таанучу Т.Саидбаев: «Исследователи единодушны во мнении, что в условиях феодального общества зачастую религиозное единство этническое... Специфической особенностью формирования среднеазиятских народностей, без учета которой невозможно объяснить взаимосвязь религиозного как в прошлом, так и в настоящем, является следующее: они складывались из родов и племен, ранее

[1] 1990.т.1.с. Карр Э. История Советской России. Большевистская революция 1917-1923. - М.: Прогресс 264.

принявших ислам, а у кыргызов и казахов процесс складывания народности сопровождался распространением и упрочением ислама»[1]. Ушундай ырастоолор башка дагы советтик окумуштуулардын изилдөөлөрүндө кезигет[2]. Ушул окумуштуулардын ырастоолорун суммалап, Т.Саидбаев төмөнкүдөй жыйынтыка келет: «В дореволюционной Средней Азии ислам играл определенную интегрирующую роль в этнических процессах ... Ислам был той силой, которая облегчала взаимное существования различных племен, укрепляла их взаимоотношения изнутри, обеспечивала им внутренную связь, смягчала и стирала психические различия между племенами,этническими общностями. Ислам способствовал формированию представлений об этнической общности различных племен и родов»[3].

А.Авторхановдун оюу боюнча, «все это привело с одной стороны, к оформлению общего сознания, что есть не отдельные племена, а единый народ, возникший на общей для всех духовной основе - на основе ислама, и сдругой стороны, этот общий для всех фундамент - ислам, делает все мусульманские народы родственными, у них может и должна быть одна общая цель - создания единого государства из всех мусульманских народов (теория панисламизма). Так как мусульманские народы в Российской империи почти все были народами тюркского языка (кроме большинства горцев Кавказа и Таджикистана), то возникла другая идея создания единого тюркского государства вместе с единоверной и единокровной Турцией (теория пантюркизма)[4]».

Ошентип, азыркы Орто Азия республикаларынын Совет бийлиги орногонго чейин улуттук мамлекеттери болгон эмес, территориясы жалпы болуп, өздөрүн түрк элдерибиз деп эсептешкен. Бул биринчиден. Экинчиден, Совет бийлигинин алгачкы жылдарында бул элдердин алдыңкы өкүлдөрү улуттук мамлекеттерин түзүү үчүн күрөшпөстөн, бирдиктүү Түрк республикасын түзүү үчүн күрөшүшкөн. Мисалы, 1920-ж. 12-январда, Ташкентте Туркестан Коммунисттик партиясынын Бешинчи Крайлык конференциясында дегеле улуттук республикаларга бөлүү жөнүндө сөз болгон эмес. Тескерисинче, Т.Рыскулов «Түрк Советтик Республикасын» түзүү долбоорунда төмөнкүдөй сунуштарды киргизген:

1. Туркестан, состоящей из пяти областей, считать страною тюркских народностей - киргизов, сартов, узбеков, туркменов, каракалпаков, кипчаков, включая сюда таджиков нетюркского происхождения, а остальное население - русских, евреев, армян и других представляющими из себя пришлый элемент.

2. Туркестанскую республику считать национальной Советской республикой, где самоопределяющимся народом коренным считается тюркский народ[1].

1924-ж. 10-мартта Туркестан РКП (б)нын жана Туркестан БАКтын биргелешкен кеңешмесинде «Туркестан АССРин улуттук-территориялык жактан бөлүү» маселеси каралганда, кээ бир делегаттар каршы чыгышкан. Атап айтсак, КПТ БКнын мүчөсү С.Ходжанов «Туркестан - экономическая единица и его нельзя размежевать на отдельные республики, что нет нации узбеков, киргизов, туркмен и других и после национального размежевания «тюркским племенам искусственно будут прикреплены ярлыки «узбек», «киргиз», «туркмен» и т.п., тогда как сами эти названия являются якобы фикцией»[2].

Ушул кеңешмеде Орто Азияны (Туркестан, Бухара жана Хорезм республикаларын) улуттук республикаларга бөлүү чечими кабыл алынган. Кеңешмедеги Туркестан КП БКнын секретары А.К.Рахимбаевдин докладынан үзүндү келтирели: «Средняя Азия по национальному составу является страной, где преобладающей национальностью являются узбеки, киргизы и туркмены и затем значатся мелкие народности. Изживутся эти моменты только тогда, когда мы организуем

---

[1] Саидбаев Т.Ислам и общество. - М.:Наука, 1978.с.82-83.
[2] Бромлей Ю.В.Этнос и этнография. -М.:1973.с.109.
[3] Саидбаев Т.Указан. книга с.82-83.
[4] Авторханов А.Империя Кремля. Советский тип колониализма. –Вильнюс, 1990.с.96.
[1] ЦПА ИМЛ при ЦК КПСС ф.122.оп.1.д.40.л.2.
[2] Там же,ф.62.оп.1.д.122.л.5-44.

национальную республику в составе Средней Азии с однородными национальностями. Недавно еще, наш туркестанский вопрос стоял в ЦК партии вскоре после съездовского скандала т. Сталин после наших разговоров, после долгого наблюдения говорил: «Среднюю Азию нужно размежевать по национальным признакам, организовать национальную республику, где каждая народность организуется в свою республику». Культурно-хозяйственная и с точки зрения нашей Партии эта организация выгодна, потому что, если узбекский бедняк будет бороться с узбекским кулаком, туркменский бедняк будет бороться с туркменским, киргизский с киргизским, тогда у нас классовая борьба не будет затушевываться национальными моментами. Коммунистическая партия, мы пришли к 7-летному заключению, что единственный выход к укреплению советской власти, размежевание Средней Азии по национальным признакам[1]».

Жаңы түзүлүп жаткан улуттук республикалардын чек араларын аныкташ үчүн 15 адамдан турган Борбордук Территориялык комиссия түзүлгөн. Ага кыргыз тараптан Ж.Абдырахманов менен И.Айдарбеков кирген.

Улуттук республикалардын жана автономиялуу областтардын территорияларын жана чек араларын аныктоодо улуттук белги негизги ролду ойногон. Бирок белгилей кете турган нерсе Туркестан республикасынын калкын каттоодо кыргыздар жана казактар бир графага (казак деп) кирип калган дагы, кыргыздардын санынын бир кыйла азайышына алып келген. Көпчүлүк кыргыздар кайсы улутка таандык экенин билишкен эмес, улутун ким деген суроого моголбуз, кыпчакпыз, ал эми түштүк кыргыздар өздөрүн найманбыз деп аташкан[1].

Ушунун натыйжасында, кыргыз элинин тарыхый жерлеринин айрым бөлүктөрү коңшу республикаларга өтүп кеткен. Ал эми Совет доорунда бул республикалардын чек аралары номиналдуу болуп такталган эмес.

Адабияттар:

1. Авторханов А. Империя Кремля. Советский тип колониализма. – Вильнюс, 1990.
2. Карр Э. История Советской России. Большевистская революция. - М.: Прогресс, 1990. т.1.
3. Бромлей Ю.В. Этнос и Этнография. - М., 1973.
4. Нурбеков К.Н. Возникновение киргизской советской национальной государственности. – Фрунзе: Кыргызстан, 1964.
5. Саидбаев Т. Ислам и общество. - М.: Наука. 1978.
6. ЦПА ИМЛ при ЦК КПСС.

[1] ЦПА ИМЛ при ЦК КПСС ф.62.оп.2.д.101.лл.34-40.

[1] Нурбеков К. Возникновение киргизской советской национальной государственности. – Фрунзе: Кыргызстан, 1964. с.87.